| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br>**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**<br>**КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**КӨК-ОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

Көк-Ой айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX- чакырылышынын 20-кезексиз сессиясынын

ТОКТОМУ № 9-20-1

Көк-Ой айылы 2021- жылдын 8- апрели

**Көк-Ой айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо жөнүндө**

Көк-Ой айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары Сапарбеков Атайбек Акынкожоевич өз арызынын негизинде депутаттык мандатын тапшырып кеткендигине байланыштуу, төраганын орун басарын шайлоо жөнүндө келип түшкөн сунушту угуп жана талкуулап Көк-Ой айылдык кенеши токтом кылат:

1. Көк-Ой айылдык кенешинин төрагасынын орун басары болуп айылдык кенештин депутаты Садабаев Барылбек Азыкович шайланды деп табылсын

2. Көк-Ой айылдык кенешинин төрагасы жок учурда айылдык кенешинин ишин алып баруу жана кол коюу укугу берилсин

3. Бул токтом jumgalrma.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн

**Төрага** **Ж.Жакыпов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br>**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**<br>**КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**КӨК-ОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

Көк-Ой айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX- чакырылышынын 20-кезексиз сессиясынын

ТОКТОМУ № 9-20-2

Көк-Ой айылы 2021- жылдын 8- апрели

**Көк-Ой айыл аймагынын жер комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө**

Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча жер комиссиясынын курамын бекитүү максатында, Көк-Ой айылдык кенеши токтом кылат:

1. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча жер комиссиясынын курамы төмөндөгүдөй курамда түзүлсүн:

- Жолдошов Нурлан- айылдык кенештин депутаты, комиссиянын төрагасы;
- Андабасов Абдилкасы- комиссиянын катчысы;

Мучөлөрү:

- Мамытбеков Айбек;
- Кемелов Нурлан;
- Кыйбатбек уулу Эркинбек;
- Сапарбеков Эркин;
- Кармышов Калмырза;
- Сыдыков Давыт;
- Ибраимов Райымбек;
- Кыргызбаев Нурбек;
- Бөрүбай уулу Жумагул;

2. Бул токтом jumgalrma.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн

**Төрага** **Ж.Жакыпов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br>**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**<br>**КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**КӨК-ОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

Көк-Ой айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX- чакырылышынын 20-кезексиз сессиясынын

ТОКТОМУ № 9-20-3

Көк-Ой айылы 2021- жылдын 8- апрели

**Көк-Ой айыл аймагындагы АЖМФнын жерлерин ижарага берүү тартибин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-мартындагы № 114 "Кыргыз Республикасынын жер фондун инвентаризациялоо жөнүндө" токтомуна ылайык, Көк-Ой айыл аймагындагы АЖМФнын жерлерин тактоо иштери жүрүп жаткандыктан жана инвентаризация материалдары мамлекеттик органдар тарабынан колдонууга бериле электигине байланыштуу, Көк-Ой айыл аймагында АЖМФнын жерлери деп болжолдонулган жер тилкелерин ижара акыларын жана берүү тартибин бекитүү максатында, Көк-Ой айылдык кенеши токтом кылат:

1. Көк-Ой айыл аймагындагы АЖМФнын жер аянттарын тактоо иштери жүрүп жаткандыгына байланыштуу айыл тургундарына бир жыл мөөнөтүндө түз берилишине макулдук берилсин

2. Ижарага алуу боюнча кайрылуулар көп болгондуктан ар бир ижара алуучуга 1 (бир) гектардан гана берилсин

3. Элдик жыйындын 2021-жылдын 6-февралындагы № 2 протокулдук чечимине ылайык, 1 (бир) га суу баскан аянтка жер салыгынан жана соцфонд төлөмүнөн тышкары 2000 (эки) мин сом, чабынды жерге жер салыгынан жана соцфонд төлөмүнөн тышкары 1200 сом болуп бекитилсин

3. Бул токтом jumgalrma.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн

**Төрага** **Ж.Жакыпов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br>**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**<br>**КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**КӨК-ОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

Көк-Ой айыл аймагынын айылдык кеңешининIX- чакырылышынын 20-кезексиз сессиясынын

ТОКТОМУ № 9-20-4

Көк-Ой айылы 2021- жылдын 8- апрели

**Айып пулдарды бекитүү жөнүндө**

Көк-Ой айыл аймагында жазгы-күзгү корук иштерин уюштуруу жана малчылардын, мал ээлеринин малдарды көзөмөлгө албай мйызамсыз айдоо аянттарына жайуусуна жана жайыт жерлерин мыйзамсыз пайдалануусуна, жазгы-күзгү көчүп конуу иштеринин графиктеринин бузулушуна бөгөт коюу максатында, Көк-Ой айылдык кенеши токтом кылат:

1. Көк-Ой айыл аймагындагы малчылардын, мал ээлеринин малдарды көзөмөлгө албай айдоо аянттарына мыйзамсыз жайуусуна жана жайыт жерлерин мыйзамсыз пайдалануусуна бөгөт коюу максатында ар бир бодо мал үчүн (уй, жылкы) мал башына 500 (беш жүз сом жана майда жандык үчүн (кой,эчки) 50 (элүү) сомдон мал башына айып пул бекитилсин
2. Көчүп конуу графигин бузган малчыларга 15000 (он беш) мин сом айып пул белгиленсин
3. Бекитилген айып пулдар менен иштөө жагы бузуулар боюнча комиссия курамына тапшырылсын
4. Бул токтом jumgalrma.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

**Төрага** **Ж.Жакыпов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**КӨК-ОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

Көк-Ой айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX- чакырылышынын 20-кезексиз сессиясынын

ТОКТОМУ № 9-20-5

Көк-Ой айылы 2021- жылдын 8- апрели

**Муниципалдык жер аянтын бөлүү жөнүндө**

Көк-Ой айылынын С.Таажиева көчөсүндө жайгашкан коду менен каттоодо турган муниципалдык жер аянтын курулуш курууга бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндөгү сунушту угуп жана талкуулап, Көк-Ой айылдык кенеши токтом кылат:

1. Көк-Ой айылындагы С.Таажиева көчөсүндө жайгашкан 4186 м2 жер аянты ФАП жана мечит салууга бөлүп берилишине макулдук берилсин

2. ФАП салууга 2686 м2 жер аянты жана мечит салууга 1500 м2 жер аянты бөлүнүп берилсин

3. Курулуш курула турган жер аянтынын тийиштүү документтерин бүтүрүү жагы Көк-Ой айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мамытбековго тапшырылсын

4. Бөлүнүп бериле турган жер аянттарынын тийиштүү документтерин бүтүрүү (АПУ, ИТУ, жер аянтын бөлүү) шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан суралсын

5. Бөлүнүп берилген жер аянтын мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы Кадастр мамлекеттик мекемесинин Жумгал филиалынан суралсын

6. Бул токтом jumgalrma.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн

**Төрага** **Ж.Жакыпов**